Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы

# Кыргыз Республикасынын
# төлөм теңдеми

## 2009-жылдын биринчи жарым жылдыгы үчүн

2009-жылдын октябрь айы

Бишкек

РЕДАКЦИЯЛЫК
КЕҢЕШ:

| | |
|---|---|
| Төрагасы: | З. Чокоев, |
| Кеңештин мүчөлөрү: | Абдыбалы тегин С., |
| | Л. Цыплакова, |
| | С. Урустемов, |
| | Г. Исакова. |
| Жооптуу катчы: | М. Абдырахманов. |

## *Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми*

Бул басылма Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан даярдалган жана анда тышкы сектордун өнүгүүсүндөгү акыркы тенденциялар чагылдырылып, анда төлөм теңдеми, тышкы соода, эл аралык камдар тышкы карыз жана эл аралык инвестициялык позициялар боюнча статистикалык маалыматтар, ошондой эле, төлөм теңдемин түзүү ыкмалары жана маалымат базасы камтылат. Басылма жылына 4 жолу - январь, май, июль жана октябрь айларында кыргыз, орус жана англис тилдеринде чыгарылып турат.

**Басылманын маалыматтарын жаңыртуунун акыркы күнү: 2009-жылдын 20-октябры.**

### **Шарттуу белгилер жана эскертүүлөр**:

... маалыматтардын жок экендигин билдирет;
— көрсөткүчтөр 0 (нөлгө) барабар же мааниге ээ эмес экендигин билдирет;
- жылдар же айлар ортосундагы мезгил аралыгын (мисалы 1994 - 1996-жылдар же январь - июнь айлары) билдирет, бул жерде чектүү даталар аралыгындагы жылдар жана айлар камтылган.

Цифраларды тегеректөөдөн улам, акыркы саптарда суммаларды чыгарууда дал келбестиктер болушу мүмкүн.

Басылмада пайдаланылуучу эсепке алуу ыкмаларынын же буга чейин колдонулуп келген маалыматтардын өзгөртүлүшү ыктымалдыгына байланыштуу, мурда келтирилген маалыматтар корректировкаланышы мүмкүн жана ага ылайык 10 жылды камтыган мезгил аралыгы "ачык" деп эсептелинет.

Басылмада пайдаланылуучу эсепке алуу ыкмаларынын же буга чейин колдонулуп келген маалыматтардын өзгөртүлүшү ыктымалдыгына байланыштуу, мурда келтирилген маалыматтар корректировкаланышы мүмкүн жана ага ылайык 10 жылды камтыган мезгил аралыгы "ачык" деп эсептелинет.

Басылмага байланыштуу суроолор боюнча:

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
Фианасы статистикасы жана маалымдоо башкармалыгынын
Төлөм теңдеми жана тышкы карыз бөлүмүнө
Бишкек шаары, Т. Үмөтөлиев атындагы көчө, 101 дареги боюнча,
(+996 312) 66-90-57, 66-90-56 телефондору
(+996 312) 66-90-55; 61-07-30 факсы аркылуу кайрылсаңыздар болот.
Электрондук почта: mabdyrahmanov@nbkr.kg

Уюштуруучусу: Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы.
Басылма, Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигинде 605 номеринде каттоодон өткөртүлгөн.

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2009-жыл.

Басылманы кайрадан басып чыгаруу Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксаты менен жүзөгө ашырылат, ал эми андан шилтеме келтирүүдө булагын көрсөтүү зарыл.

"МЧМ Дифайн плюс" ЖЧКсынын басма борборунда басууга даярдалды жана басылып чыгарылды.

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын башка басылмалары

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жылдык отчету***
Басылма Улуттук банктын өткөн жыл үчүн толук отчету болуп саналат. Ал өзүнө республиканын экономикалык өнүгүшү жана акча-кредит саясаты, финансылык отчеттуулук, Улуттук банк жөнүндө жалпы маалыматтарды, статистикалык тиркемелерди камтыйт. Кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бюллетени***
Бул маалыматтык басылма Кыргыз Республикасынын негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрү, экономикасынын сектору боюнча статистикалык маалыматтарды камтыйт. Ай сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама***
Басылма, республикадагы жана анын региондору боюнча керектөө бааларынын динамикасын, инфляциянын негизги факторлоруна жүргүзүлгөн анализдөөлөрдү, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акча-кредит саясат жагында кабыл алган чечимдери жөнүндөгү маалыматтарды камтуу менен кийинки мезгил аралыгына инфляциялык болжолдоолорду берет. Басылма чейрек сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

***Банк тутумунун өнүгүү тенденциялары***
Финансылык ортомчу катары банк тутумунун өнүгүшүнө иликтөөлөрдү жүргүзүү жана ага баа берүү, ошондой эле банк тутумунун туруктaшуусунун курамдык элементтерине баа берүү "Банк системасынын өнүгүү тенденциялары" басылмасынын максаты. Басылма жылдын үчтүн айынын бирине жана теке айынын бирине карата абал боюнча кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары***
Республиканын коммерциялык банктарын жана коомчулукту Улуттук банктын ченемдик актылары жана банктын иши жөнүндөгү расмий маалыматтар менен камсыз кылуу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарын кеңири жайылтуу үчүн Улуттук банктын ченемдик актыларын расмий жарыялоо бул басылманын негизги максаты болуп саналат. Басылма айына бир жолу кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланып турат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын пресс-релизи***
Улуттук банкта болуп өткөн жаңылыктарды, финансы рыногунун негизги маалыматтарын камтыйт. Жума сайын кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланат.

Басылмалар Улуттук банктын Төрагасынын буйруусу менен бекитилген, Улуттук банктын тизмесине ылайык таркатылат жана Улуттук банктын Web-баракчасында http:\\www.nbkr.kg дареги боюнча жайгаштырылып келүүдө.

### Урматтуу окурмандар,

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Бажы комитети тарабынан «Россияга мунайзаттарын экспорттоо» статьясы боюнча 24,6 млн. АКШ доллары өлчөмүндө корректировкалоолор киргизилгендигине байланыштуу, 2008-жыл үчүн «Соода балансы» бөлүмүндөгү маалыматтар кайра каралып чыккандыгына көңүлүңүздөрдү бурат.

**Кыскартылган сөздөрдүн тизмеси**

| | |
|---|---|
| АӨБ | - Азия өнүгүү банкы |
| ДБ | - Дүйнөлүк банк |
| ИДП | - Ички дүң продукт |
| МТК | - Мамлекеттик тышкы карыз |
| ЕБРР | - Реконструкциялоо жана өнүгүүнүн Европа банкы |
| ИБР | - Ислам өнүктүрүү банкы |
| АЧӨ | - Алыскы чет өлкө |
| ЭИП | - Эл аралык инвестициялык позиция |
| КР | - Кыргыз Республикасы |
| КБ | - Коммерциялык банктар |
| ТИМ | - Тышкы иштер министрлиги |
| ТКМ | - Транспорт жана коммуникация министрлиги |
| ЭВФ | - Эл аралык Валюта Фондусу |
| ЭСТК | - Эл аралык стандарттык товардык классификация |
| ФМ | - Финансы министрлиги |
| УСК | - Улуттук Статистика комитети |
| НЭАК | - Номиналдуу эффективдүү алмашуу курсу |
| ӨЭУ | - Өкмөттүк эмес уюмдар |
| РЭАК | - Реалдуу эффективдүү алмашуу курсу |
| СИФ | - Импортер-өлкөнүн чегарасындагы баа |
| КМШ | - Көзкарандысыз Мамлекеттердин шериктештигине кирген өлкөлөр |
| АКШ | - Америка Кошмо Штаты |
| ТЭИТН | - Тышкы экономикалык ишкердиктин товардык номенклатурасы |
| ТФОБ | - Экспортер-өлкөнүн чегарасындагы баа |
| БК | - Баалуу кагаздар |

## МАЗМУНУ

**Төлөм теңдеминин учурдагы абалы** ............ 7
**I тиркеме. Таблицалар жана графиктер** ............ 17
I.1-таблица. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми (нейтралдуу берүүдө) ............ 18
I.2-таблица. ТЭИТНдин бөлүктөрү боюнча экспортту бөлүштүрүү ............ 26
I.3-таблица. ЭСТКнын бөлүктөрү боюнча экспортту бөлүштүрүү ............ 26
I.4-таблица. ТЭИТНдин бөлүктөрү боюнча импортту бөлүштүрүү ............ 27
I.5-таблица. ЭСТКнын бөлүктөрү боюнча импортту бөлүштүрүү ............ 27
I.6-таблица. Экспортту функционалдык бөлүштүрүү ............ 28
I.7-таблица. Экспортту географиялык бөлүштүрүү ............ 28
I.8-таблица. Импортту функционалдык бөлүштүрүү ............ 29
I.9-таблица. Импортту географиялык бөлүштүрүү ............ 29
I.10-таблица. Продукциялардын негизги түрлөрүнүн экспорту ............ 30
I.11-таблица. Продукциялардын негизги түрлөрүнүн импорту ............ 32
I.12-таблица. Баалардын индекси жана экспорттун физикалык көлөмү ............ 34
I.13-таблица. Баалардын индекси жана импорттун физикалык көлөмү ............ 35
**Өлкөлөр боюнча экспорттолуучу товарлардын негизги түрлөрү** ............ 36
I.14-таблица. Россияга товарлардын экспорту ............ 36
I.15-таблица. Казакстанга товарлардын экспорту ............ 37
I.16-таблица. Өзбекстанга товарлардын экспорту ............ 38
I.17-таблица. Беларусияга товарлардын экспорту ............ 39
I.18-таблица. Швейцарияга товарлардын экспорту ............ 40
I.19-таблица. Кытайга товарлардын экспорту ............ 41
I.20-таблица. Түркияга товарлардын экспорту ............ 42
I.21-таблица. БАЭна товарлардын экспорту ............ 43
I.22-таблица. Афганистанга товарлардын экспорту ............ 44
**Өлкөлөр боюнча импорттолуучу товарлардын негизги түрлөрү** ............ 45
I.23-таблица. Россиядан товарлардын импорту ............ 45
I.24-таблица. Казакстандан товарлардын импорту ............ 46
I.25-таблица. Өзбекстандан товарлардын импорту ............ 47
I.26-таблица. Беларусиядан товарлардын импорту ............ 48
I.27-таблица. Украинадан товарлардын импорту ............ 49
I.28-таблица. Кытайдан товарлардын импорту ............ 50
I.29-таблица. АКШдан товарлардын импорту ............ 51
I.30-таблица. Германиядан товарлардын импорту ............ 52
I.31-таблица. Түркиядан товарлардын импорту ............ 53
I.32-таблица. Япониядан товарлардын импорту ............ 54
I.33-таблица. Корея Республикасынан товарлардын импорту ............ 55
I.34-таблица. Нидерланддан товарлардын импорту ............ 56
I.1-график. Алмашуу курсу жана номиналдуу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индекси ... 57
I.35-таблица. Номиналдуу жана реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун идекстери ............ 58
I.36-таблица. Кыргыз Республикасынан кызмат көрсөтүүлөр экспортунун географиялык түзүмү ............ 60
I.37-таблица. Кыргыз Республикасына кызмат көрсөтүүлөр импортунун географиялык түзүмү ............ 61
I.38-таблица. Кыргыз Республикасына тике чет өлкө инвестицияларынын таза агылып кирүүсүнүн географиялык түзүмү ............ 62
I.39-таблица. Кыргыз Республикасына экономикалык ишкердиктин түрлөрү боюнча тике чет өлкө инвестициялары ............ 62
I.40-таблица. Эл аралык камдар ............ 63
I.41-таблица. Кыргыз Республикасынын тышкы карызы ............ 63
I.42-таблица. Кыргыз Республикасынын тышкы карызынын кредиторлордун түрү боюнча түзүмү ............ 64
I.43-таблица. Кыргыз Республикасынын эл аралык инвестицияларынын балансы ............ 65
I.44-таблица. Кыргыз Республикасынын чет өлкө активдеринин жана милдеттенмелеринин динамикасы ............ 66
**II тиркеме.**
II.1-таблица. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдемин түзүү үчүн Улуттук банк тарабынан пайдаланылуучу маалымат булактары ............ 67

# ТӨЛӨМ ТЕҢДЕМИНИН УЧУРДАГЫ АБАЛЫ

2009-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча **төлөм теңдеминин** жалпы **сальдосу** 295,3 млн. АКШ доллар өлчөмүндө оң түптөлгөн.

**Күндөлүк операциялар эсеби да** оң түптөлүү менен 10,8 млн. АКШ долларын же ИДПга карата 3,5 пайызды түзгөн.

**1-график: Күндөлүк операциялар эсеби**
*ИДПга карата пайыздарда*




## СООДА БАЛАНСЫ

2009-жылдын биринчи жарым жылдыгында соода балансынын сальдосу 556,1 млн. АКШ доллар өлчөмүндө терс түптөлгөн, бул 2008-жылдын биринчи жарым жылдыгындагы ушул эле көрсөткүчтөн 37,8 пайызга аз. Кыргыз Республикасынын тышкы соода жүгүртүүсү 2008-жылдагы ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда, 2009-жылдын биринчи жарым жылдыгында 20,5 пайызга азайган жана нарктык мааниде 1934,8 млн. АКШ долларын түзгөн. Мындай жагдай экономикалык жигердүүлүктүн Кыргызстанда гана эмес, өнөктөш өлкөлөрдө да төмөндөөсүнөн улам келип чыккан.

**2-график. Кыргыз Республикасынын соода балансы**
*ИДПга карата пайыздарда*




Товарлардын **экспортунун** ФОБ баасындагы көлөмү 2008-жылдын биринчи жарым жылдыгына салыштырганда, 2009-жылдын биринчи жарым жылдыгындагы кошумча баалоолорду эске алганда 10,4 пайызга азаюу менен 689,3 млн. АКШ долларын түзгөн.

**1-таблица. Товарлардын экспорту**
*млн. АКШ доллары)*

| | 05 1 ж/ж | 06 1 ж/ж | 07 1 ж/ж | 08 1 ж/ж | 09 1 ж/ж |
|---|---|---|---|---|---|
| Экспорт (ФОБ) | 329,2 | 422,0 | 586,3 | 769,6 | 689,3 |
| Өсүш арымдары *(пайыздарда)* | *-4,0* | *28,2* | *38,9* | *31,3* | *-10,4* |

Экспорттун функционалдык түзүмүндө чийки заттарды эске албаганда, отчеттук мезгил ичинде (кошумча баалоолорду эсепке албаганда) бардык статьялар боюнча төмөндөө байкалган. Аралык товарлар (экспорттун жалпы көлөмүнөн 36,7 пайыз), чийки заттар (26,7 пайыз), керектөө товарлары (18,3 пайыз) жана энергопродукциялары (16,0 пайыз) экспортту функционалдык бөлүштүрүүдө эң ири статьяларынан болушкан. *Аралык товарларынын* экспорту нарктык мааниде 206,7 млн. АКШ долларын түзүү менен иликтөөгө алынган мезгил ичинде 27,0 пайызга кыскарган. Товарлардын бул категориясында өндүрүштүн көлөмүнүн төмөндөшүнөн улам, алтынды экспорттоо 3,4 пайызга кыскарган болсо, тапталган айнекти жана портландцементти берүүлөр суроо-талаптын төмөндөөсүнө байланыштуу кыскарган, ошондой эле металл сыныктарынын экспорту төмөндөгөн. Чийки заттардын экспортунун көлөмү, мурдагыдай эле өсүшүн улантуу менен аларды берүүлөр 2009-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча 3,0 эсе көбөйүп 150,3 млн. АКШ долларын түзгөн.

Мындай тенденциянын түптөлүшүнө биринчи кезекте, ар кандай химиялык заттарды берүүлөр, ошондой эле тамекинин, таш-кум, шагылдын жана тери сырьелорунун экспорту олуттуу салым кошкон. Отчеттук мезгил ичинде керектөө товарларынын экспорту, 2008-жылдын ушул эле мезгилиндеги көрсөткүчкө салыштырганда 31,7 пайызга кыскаруу менен 103,2 млн. АКШ долларын түзгөн. Керектөө товарларынын түзүмүндө жемиштердин, кийим-кеченин жана ага тиешелүү буюмдардын, сүт азыктарынын, маргариндин жана жуурулган майдын, ошондой эле ысытуу лампаларынын экспортунун нарктык көлөмүнүн төмөндөөсү байкалган. 2009-жылдын биринчи жарым жылдыгында энергопродукцияларынын экспорту нарктык мааниде 90,4 млн. АКШ долларына чейин кыскаруу менен 37,7 пайызга төмөндөгөн. Бул тенденция баалардын кыскарышына жана алыскы чет өлкөлөргө авиакеросинди, автомобиль бензининин, дизель отунун жана мазутту берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн кыскарышы менен түшүндүрүлөт.

Экспорттун географиялык түзүмүндө (кошумча баалоолорду эсепке албаганда) 2009-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча алыскы чет өлкөлөрдүн жана КМШ өлкөлөрүнүн үлүштөрү, тиешелүүлүгүнө жараша 61,7 жана 38,3 пайызды түзгөн.

Алыскы чет өлкөлөргө экспорт нарктык мааниде 347,7 млн. АКШ долларын түзүү менен 7,4 пайызга көбөйгөн. Швейцария жана Франция экспорттук операциялар боюнча Кыргызстандын ири өнөктөштөрүнөн болушкан, алар алыскы чет өлкөлөргө бүтүндөй экспорттун 78,6 пайызын камсыз кылышкан. Адаттагыдай эле Швейцарияга алтынды берүүлөр жүзөгө ашырылса, ал эми Францияга химиялык заттар берилген. Ошондой эле, Афганистан, Түркия, Кытай ири өнөктөштөрдүн катарына кирген. Ошондой болсо да, аталган өлкөлөргө экспорттун көлөмү 2008-жылдын салыштыруу үчүн алынган мезгилине караганда, кыйла төмөндөгөн. Афганистанга мунайзаттары экспорттолгон, булардын реэкспорту отчеттук мезгилде 69,1 пайызга кыскарган. Түркияга жаңгакты, авиакеросинди (реэкспорт), текстиль жиптерин берүүлөр кыскарган. Бирок, ошол эле мезгилде буурчак өсүмдүктөрүн экспортунун өсүшү байкалган, бул башка товарлар боюнча экспорттун төмөндөөсүнүн ордун жарым-жартылай компенсациялаган. Кытайга экспорттук берүүлөр боюнча азык-түлүктөн башка чийки заттардын – 81,0 пайызга жана минерал отунунун – 80,7 пайызга төмөндөшү байкалган.

Отчеттук мезгил ичинде КМШ өлкөлөрүнө экспорттук берүүлөр 2008-жылдын тиешелүү мезгилинин жыйынтыгына салыштырганда 32,8 пайызга азаюу менен 215,8 млн. АКШ доллар деңгээлинде калыптанган. Адаттагыдай эле Россия, Өзбекстан жана Казакстан негизги өнөктөштөрдөн болушкан, алардын чогуу алгандагы салыштырмалуу салмагы КМШ өлкөлөрүнө бүтүндөй экспорттун 94,2 пайызын түзгөн. Иликтөөгө алынып жаткан мезгил ичинде Россияга экспорт 40,3 пайызга кыскарган, мындай жагдай негизинен кийим-кечелерди жана ага тиешелүү буюмдарды (38,6 пайызга), тапталган айнекти (99,5 пайызга), авиакеросинди (55,4 пайызга), жер-жемиштерди жана жаңгактарды (46,3 пайызга) берүүлөрдүн төмөндөшүнөн улам түптөлгөн. Өзбекстанга товарларды берүүлөр 8,8 пайызга өскөн. Мындай өсүш авиакеросинди, резина дөңгөлөктөрүн, ташты, кумду, шагылды берүүлөрдүн көбөйүшү менен камсыз болгон. Казакстанга товарлардын экспорту 2008-жылдын биринчи жарым жылдыгына салыштырганда, отчеттук мезгил ичинде 54,6 пайызга же 45,7 млн. АКШ долларына кыскарган. Тамак аш азыктарын жана курулуш материалдарын берүүлөрдүн төмөндөөсү, мындай жагдайдын түптөлүшүнүн негизги себебинен болгон.

Товарлардын ФОБ баасындагы **импорту,** 2008-жылдын ушул эле мезгилиндеги көрсөткүчкө салыштырганда, 2009-жылдын биринчи жарым жылдыгында 25,1 пайызга төмөндөө менен 1245,5 млн. АКШ долларын түзгөн.

**2-таблица. Товарлардын импорту**
*млн. АКШ доллары)*

| | 05 1 ж/ж | 06 1 ж/ж | 07 1 ж/ж | 08 1 ж/ж | 09 1 ж/ж |
|---|---|---|---|---|---|
| Импорт (ФОБ) | 479,8 | 691,4 | 1102,3 | 1663,1 | 1245,5 |
| Өсүш арымдары *(пайыздарда)* | *17,8* | *44,1* | *59,4* | *50,9* | *-25,1* |

Импорттун функционалдык бөлүштүрүлүшүнө ылайык, (СИФ баасында) отчеттук мезгил ичинде керектөө товарлары (импорттун жалпы көлөмүнөн 31,3 пайыз), энергопродуктулары (25,6 пайыз) жана аралык товарлар боюнча (23,4 пайыз) берүүлөрдүн олуттуу көлөмдө болгондугу байкалган. *Керектөө товарларынын* импортунун нарктык көлөмү 31,0 пайызга төмөндөө менен 420,9 млн. АКШ долларын түзгөн. Товарлардын бул категориясында дары-дармектерди, кантты, унду, өсүмдүк майларын, алкоголсуз суусундуктарды, сүт азыктарын, кийим-кечени жана ага тиешелүү буюмдарды, сигареттерди жана жеңил автомобилдерди берүүлөр төмөндөгөн. Күрүчтү импорттоп алуу 3 эседен көбүрөөккө көбөйгөндүгү катталган, ал баа фактору, ошондой эле берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн өсүшү фактору менен аныкталган. *Энергопродуктулардын* импорту 37,5 пайызга кыскаруу менен 344,8 млн. АКШ долларын түзгөн. Берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн төмөндөшүнөн улам, таш көмүрдүн жана жаратылыш газынын импорту азайган. Баалардын төмөндөшү автомобиль бензининин, авиакеросиндин жана дизель отунунун импортунун нарктык көлөмүнүн кыскаруусуна таасирин тийгизген. Отчеттук мезгил ичинде *аралык товарлар* 314,8 млн. АКШ доллар көлөмүндө импорттолгон, бул 2008-жылдын биринчи жарым жылдыгындагы көрсөткүчтөн 7,0 пайызга төмөн. Бул категорияда кездемени, резина дөңгөлөктөрүн, пластмассаны импорттук берүүлөр кыскарган. Ошол эле учурда, товарлардын айрым түрлөрүн берүүлөрдүн өсүшү байкалган, алсак, жер семирткичтер, ар түрдүү техниканын , ар кандай түрдөгү автомобилдердин тетиктери жана ага тиешелүүлөр, булар ушул категория боюнча кээ бир товарлардын импортунун төмөндөөсүнүн ордун жарым-жартылай компенсациялай алган.

Импорттун (СИФ баасындагы) географиялык түзүмүндө мурдагыдай эле, салыштырмалуу салмагы 55,7 пайызды түзгөн КМШ өлкөлөрү басымдуу абалды ээлеген. Алыскы чет өлкөлөрдүн үлүшүнө, тиешелүүлүгүнө жараша 44,3 пайыз туура келген. Россия КМШ өлкөлөрүнүн ичинен ири берүүчүлөрдөн болуп саналган, ал КМШ өлкөлөрүнүн ичинен бүтүндөй импорттун 62,3 пайызын камсыз кылган. 2009-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча Россиядан импорт, 2008-жылдын ушул эле мезгилиндегиге салыштырганда 30,7 пайызга кыскарып, 466,8 млн. АКШ долларын түзгөн. Мунайзаттарын, органикалык эмес химиялык заттарды, медициналык жана фармацевтикалык продукцияларды, резина дөңгөлөктөрүн жана негизги азык-түлүк товарларын импорттук берүүлөр төмөндөгөн. КМШ өлкөлөрүнүн ичинен товарлардын импорту боюнча Казакстан экинчи орунда турат, аны менен операциялардын көлөмү 153,7 млн. АКШ долларын түзгөн (бул 2008-жылдын тиешелүү мезгилиндеги көрсөткүчтөн 16,0 пайызга аз). Бул өлкөдөн минерал отунун, металл сыныктарын, ташты, кумду, шагылды, сигаретттерди, ошондой эле азык-түлүк товарларын, алсак унду, алкоголсуз суусундуктарды, өсүмдүк майларын берүүлөр төмөндөгөн. Мындан тышкары, органикалык эмес химиялык заттардын түшүүлөрүнүн олуттуу өсүшү белгиленген. КМШ өлкөлөрүнүн ичинен Өзбекстан да ири импортерлордун катарына кирген, анын импортунун көлөмү 62,5 млн. АКШ долларын түзгөн, бул 2008-жылдын биринчи жарым жылдыгындагы ушул эле көрсөткүчтөн 18,6 пайызга төмөн. Өзбекстандан импорттун негизги үлүшү жаратылыш газына туура келет, аны берүүлөр отчеттук мезгилде 25,5 пайызга кыскаруу менен 42,9 млн. АКШ долларын түзгөн.

Алыскы чет өлкөлөрдүн ичинен Кытай, Кыргызстанга импорттук берүүлөр боюнча алдыңкы катарда, анын үлүшүнө импорттун жалпы көлөмүнөн 43,9 пайыз туура келет. Кытайдан импорттун көлөмү отчеттук мезгил ичинде 261,8 млн. АКШ долларын түзгөн, бул 2008-жылдын биринчи жарым жылдыгындагы ушул эле көрсөткүчтөн 5,6 пайызга төмөн. Күрүч, жер-жемиш, жаңгактар, кездемелер, ар түрдүү машиналар менен жабдуулар, кийим-кече жана бут кийим негизги импорттолуп алынган товарлардан болгон. Алыскы чет өлкөлөрдүн ичинен ири импортерлордун катарына АКШ менен Германия да кирет. АКШдан импорт отчеттук мезгил ичинде 56,8 млн. АКШ долларын түзүү менен 3,4 пайызга кыскарган. Бул өлкөдөн дары-дармектерди жана жеңил автомобилдерди берүүлөр олуттуу кыскарган. Канаттуулар этинин импорту 8,3 пайызга көбөйгөн, бул нарктык мааниде 11,8 млн. АКШ долларын түзгөн. Германиядан импорт 2008-

жылдын биринчи жарым жылдыгындагы 138,2 млн. АКШ доллардан 2009-жылдын биринчи жарым жылдыгында 44,7 млн. АКШ долларга чейин кыскаруусу, негизинен жеңил автомобилдердин импортунун кыскаруусу менен түшүндүрүлөт.

## ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨР

2009-жылдын биринчи жарым жылдыгында эл аралык кызмат көрсөтүүлөр эсеби 36,9 млн. АКШ доллары өлчөмүндө оң сальдодо түптөлгөн. Эл аралык кызмат көрсөтүүлөрдүн жүгүртүүлөрү 2009-жылдын январь-июнь айларында 3,2 пайызга – 808,4 млн. АКШ долларына чейин өскөн. Мында, кызмат көрсөтүүлөр экспортунун үлүшү 52,3 пайызга чейин өскөн, ал эми кызмат көрсөтүүлөр импортунун үлүшү 47,7 пайызга чейин төмөндөгөн.

Географиялык түзүмдө эл аралык кызмат көрсөтүүлөрдүн жүгүртүүлөрүнүн олуттуу көлөмү Казакстанга – кызмат көрсөтүүлөрдүн жалпы көлөмүнөн 14,3 пайыз, Өзбекстанга – 8,0 пайыз, Тажикстанга – 7,9 пайыз, Кытай менен АКШга ар бирине 5,6 пайыздан туура келген.

**3-график. Эл аралык кызмат көрсөтүүлөр балансы**

*ИДПга карата пайыздарда*




Кызмат көрсөтүүлөрдүн **экспорту** 2009-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча 422,7 млн. АКШ долларын түзгөн, бул өткөн жылдын салыштыруу үчүн алынган көрсөткүчүнөн 25,9 пайызга көп.

Кызмат көрсөтүүлөр экспортунун географиялык түзүмүндө олуттуу үлүш, 63,3 пайыз КМШ өлкөлөрүнө туура келет, ушул эле учурда алыскы чет өлкөлөрдүн үлүшү 36,7 пайызды түзөт. Кызмат көрсөтүүлөр экспорту, 2008-жылдын тиешелүү мезгилиндегидей эле КМШ өлкөлөрүнө кызмат көрсөтүүлөр экспортунун көлөмүндөгү үлүшү 32,4 пайызга барабар болгон Казакстанга, Тажикстанга (23,2 пайыз), Өзбекстанга (22,7 пайыз) сунушталат. Алыскы чет өлкөлөрдүн ичинен Кытай менен АКШнын ар бири 23,2 пайыз чегиндеги эң чоң үлүшкө ээ.

2008-жылдын биринчи жарым жылдыгындай эле, ушул жарым жылдыкта да кызмат көрсөтүүлөр экспортунун жалпы көлөмүнүн көбөйүүсү, биздин өлкөгө келип жаткан резидент эместердин санынын олуттуу өсүшүнө байланыштуу. Ал эми кыдыруулардын салыштырмалуу салмагы мурдагы эле деңгээлинде (сунушталган кызмат көрсөтүүлөрдүн жалпы көлөмүнөн 52 пайыз) сакталып калгандыгына карабастан, бул статья 27,8 пайызга, 218,8 млн. АКШ долларына чейин көбөйгөн.

Ошондой эле, сунушталган ишкердик кызмат көрсөтүүлөрдүн 77,7 пайызга, кызмат көрсөтүүлөр экспортунун жалпы көлөмүнүн 15,5 пайызына чейин өсүшү байкалган. Мына ушул ишкердик кызмат көрсөтүүлөр түзүмү төмөнкүчө калыптанган: тоо-кендерин казып алуу өндүрүшү тармагында кызмат көрсөтүүлөр 36,8 пайызды, консультациялык кызмат көрсөтүүлөр 23,5 пайызды, ал эми калган ишкердик кызмат көрсөтүүлөр 39,7 пайызды ээлеген. 2009-жылдын биринчи жарым жылдыгында тоо-кендерин казып алуу өндүрүшүндө 36,1 млн. АКШ долларга чейин, консультациялык кызмат көрсөтүүлөрдө 5,1 эсе, 18,3 млн. АКШ долларына чейин кызмат көрсөтүүлөрдүн кескин өсүшү жүргөндүгүн белгилеп кетүү зарыл. Сунушталган башка кызмат көрсөтүүлөрдүн ичинен, коммерциялык банктардын финансылык кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндө олуттуу өсүш арымы байкалып, алар 2,5 эсеге, 9,4 млн. АКШ долларына чейин арткан.

Өтүп жаткан мезгил ичинде кызмат көрсөтүүлөр **импорту** 91,5 млн. АКШ долларына, 385,7 млн. АКШ долларына чейин кыскарган.

Кызмат көрсөтүүлөр импортунун географиялык түзүмдө эң чоң үлүш КМШ өлкөлөрүнө 66,7 пайыз, ал эми алыскы чет өлкөлөргө 33,3 пайыз чегинде туура келет. 2008-жылдын биринчи жарым жылдыгындагыдай эле негизги

өнөктөш өлкөлөрдөн болуп төмөнкүлөр саналат: Россия – КМШ өлкөлөрүнө кызмат көрсөтүүлөр импортунун жалпы көлөмүнөн 39,6 пайыз, Казакстан – 11,2 пайыз, Түркия – алыскы чет өлкөлөрдөн кызмат көрсөтүүлөрдүн жалпы көлөмүнөн 8,3 пайыз, АКШ жана Кытай – 7,2 пайыздан, Германия – 5,4 пайыз, Улуу Британия – 5,1 пайыз, Швейцария – 4,8 пайыз.

Алынган кызмат көрсөтүүлөр түзүмү үлүшү 48,6 пайызга барабар болгон транспорттук кызмат көрсөтүүлөрдү, кыдырууларды – 29,6 пайыз, ишкердик кызмат көрсөтүүлөрдү – 7,2 пайыз жана башка кызмат көрсөтүүлөрдү – 10,4 пайыз камтыйт.

Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр боюнча кызмат көрсөтүүлөр импортунун 15,8 пайызга же 35,2 млн. АКШ долларына кыскаруусу байкалган, ага өз кезегинде темир жол транспорту каражаттары боюнча алынган кызмат көрсөтүүлөрүнүн 19,9 пайызга же 24,3 млн. АКШ долларына төмөндөөсү таасирин тийгизген. Ошондой эле, кыдыруулар импорту 11,9 пайызга же 15,4 млн. АКШ долларына кыскарган. Ишкердик кызмат көрсөтүүлөрдүн динамикасы да 15,0 пайызга же 4,9 млн. АКШ долларына төмөндөөсүн көрсөтөт.

## КИРЕШЕЛЕР

2009-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча кирешелер сальдосу 51,1 млн. АКШ доллары өлчөмүндө терс калыптанган жана 2008-жылдын тиешелүү мезгилиндегиге салыштырганда 23,9 пайызга төмөндөгөн.

Бул статья боюнча төмөндөө баарынан мурда, тике чет өлкө инвесторлорунун Кыргызстандагы инвестициялык ишкердиктен кирешелеринин кыскаруусу менен шартталган. Алсак, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда, тике чет өлкө инвесторлорунун кирешеси 43,8 пайызга кыскаруу менен 29,2 млн. АКШ долларын түзгөн.

Мындан тышкары, кирешелер балансынын терс сальдосунун төмөндөөсүнө, резиденттердин чет өлкөдөгү портфелдик инвестициялары боюнча кирешелеринин көбөйүүсү таасирин тийгизген. Алсак, өткөн жылдын биринчи жарым жылдыгындагы көрсөткүчкө салыштырганда 12,7 эсеге же 3,6 млн. АКШ долларына көбөйүү жүргөн.

Отчеттук мезгилде «Эмгекке төлөөлөр» статьясынын сальдосу терс сакталуу менен 11,9 пайызга көбөйгөн, бул резидент эместердин Кыргызстандагы ишкердигинен алган кирешелеринин резиденттердин чет өлкөдөн алынган кирешелеринен артышы менен шартталган. Ошол эле учурда, резиденттер сыяктуу эле, резидент эместердин эмгектенүүдөн алган кирешелери да өсүүдө. Алсак, биздин өлкөдө резидент эместердин кирешелери 10,4 млн. АКШ долларын түзүп, 12,3 пайызга өскөн. Резиденттердин чет өлкөлөрдө иштелип табылган кирешелери 2,1 млн. АКШ доллар өлчөмүндө түптөлгөн, бул 2008-жылдын ушул эле мезгилиндеги тиешелүү көрсөткүчтөн 10,0 пайызга көп.

## КҮНДӨЛҮК ТРАНСФЕРТТЕР

2009-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча **күндөлүк трансферттер** эсеби 581,1 млн. АКШ доллары өлчөмүндө оң сальдодо түптөлгөн, бул 2008-жылдын биринчи жарым жылдыгынын ушул эле көрсөткүчүнөн 11,1 пайызга аз. Күндөлүк трансферттердин эсебинде негизги үлүштү мурдагыдай эле, **иштеп жаткандардын акчалай которуулары** ээлейт, алардын таза агылып кирүүсү отчеттук мезгил ичинде 34,0 пайызга кыскарган.

Өз кезегинде, иштеп жаткандардын акчалай которууларынын дүң агылып кирүүсүндө которуу системасы боюнча[1] акча которуулар (89,9 пайыз) олуттуу үлүштү ээлейт. Отчеттук мезгил ичинде которуу системасы боюнча акча которуулардын таза агылып кирүүсү, 2008-жылдын биринчи жарым жылдыгындагы каражаттардын таза агылып кирүүсүнө салыштырганда 15,9 пайызга кыскарган. Бүтүндөй алганда, акча которуулардын көлөмүнүн мына ушундай кыскаруусу акыркы жылдар аралыгында туруктуу бойдон сакталып, которуулардын географиялык түзүмүнө таасирин тийгизген эмес. Алсак, 2009-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча которуулардын негизги үлүшү Россия Федерациясынан (87,4 пайыз), АКШдан (8,8 пайыз) жана Казакстандан

[1] Anelik, Blizko, Contact, Migom, MoneyGram, Western Union, Unistream, Золотая Корона, Лидер, Сибконтакт, Быстрая почта, Аллюр жана башка которуу системалары жана «Кыргызпочтасы» мамлекеттик ишканасы аркылуу которуулар; Улуттук банктын кошумча баалоолорун эске алуусуз.

(3,4 пайыз) түшкөн. Кыргыз Республикасынан которуулар негизинен Россия Федерациясына (97,2 пайыз), АКШга (1,9 пайыз) жана Казакстанга (0,5 пайыз) жөнөтүлгөн.

2009-жылдын биринчи жарым жылдыгында акчалай которуулардын сальдосу мурдагыдай эле, керектөө товарларынын таза экспортун жапкан, бул өз кезегинде 317,7 млн. АКШ долларында тартыштык менен түптүлгөнүн белгилей кетүү зарыл.

**4-график. Акча которуулардын жана керектөө товарларынын таза экспортунун сальдосу**

*ИДПга карата пайыздарда*




2009-жылдын биринчи жарым жылдыгы ичинде **расмий трансферттердин** таза агылып кирүүсү 165,2 млн. долларын түзгөн, бул өткөн жылдын тиешелүү мезгилиндеги ушул эле көрсөткүчүнөн 7,5 эсе көп. Мындай өсүш, мамлекеттик сектор тарабынан алынган акчалай гранттардын көлөмүнүн олуттуу өсүшүнөн, атап айтканда Россия Федерациясынан 150 млн. АКШ доллары өлчөмүндө алынган гранттын эсебинен келип чыккан.

## КАПИТАЛ МЕНЕН ОПЕРАЦИЯЛАР ЖАНА ФИНАНСЫЛЫК ОПЕРАЦИЯЛАР ЭСЕБИ

2009-жылдын биринчи жарым жылдыгында **капитал менен операциялар жана финансылык операциялар эсеби** 276,6 млн. АКШ доллар өлчөмүндө оң сальдодо түптөлгөн, бул 2008-жылдагы ушул эле көрсөткүчүнөн 2,4 эсе көп.

**Капитал менен операциялар эсебинин** тартыштыгы өткөн жылдын биринчи жарым

**5-график. Капитал менен операциялардын жана финансылык операциялардын эсеби**

*ИДПга карата пайыздарда*




жылдыгына салыштырганда 4,4 эсе көбөйүү менен отчеттук мезгилде 17,2 млн. АКШ доллар өлчөмүндө калыптанган. Бул статья боюнча өзгөрүү негизинен, мигранттардын капиталдык трансферттеринин 37,6 млн. АКШ доллар өлчөмүндө дээрлик өзгөрүүсүз калган терс сальдосу шартында, товарлар түрүндөгү капиталдык трансферттердин агылып кирүүсүнүн 47,4 пайызга, 10,3 млн. АКШ долларына чейин төмөндөшү менен шартталган.

Отчеттук мезгилдин жыйынтыгы боюнча **финансылык операциялар эсеби** 293,8 млн. АКШ доллар өлчөмүндө оң түптөлгөн, бул 2008-жылдын салыштыруу үчүн алынган мезгилиндегиден 2,5 эсе көп. Финансы эсебинин оң мааниси көбүнчө башка инвестициялар боюнча капиталдын 310,1 млн. АКШ доллар өлчөмүндө таза агылып кирүүсүнөн улам келип чыккан.

**Тике инвестициялардын** сальдосу 4,3 млн. АКШ доллар көлөмүндө терс түптөлгөн, ал эми 2008-жылдын биринчи жарым жылдыгында ушул эле көрсөткүч 139,5 млн. АКШ доллар суммасында оң мааниде калыптанган эле. 2008-жылдын биринчи жарым жылдыгында республикага тике инвестициялардын 139,6 млн. АКШ доллар өлчөмүндө таза агылып кирүүсү, отчеттук мезгилде бул статья боюнча капиталдын 5,8 млн. АКШ доллар өлчөмүндө нетто агылып чыгуусу менен алмашылган. Тике чет өлкө инвестицияларынын географиялык түзүмүндө КМШ өлкөлөрүнө капиталдын 26,7 млн. АКШ доллар өлчөмүндө таза агылып чыгуусу байкалган, анткени Казакстанга капиталдын агылып чыгуусу 39,2

млн. АКШ доллар өлчөмүндө түптөлгөн, ал эми Россиядан инвестициялардын агылып кирүүсү 12,4 млн. АКШ долларын түзгөн. Алыскы чет өлкөлөрдөн 20,9 млн. АКШ доллар көлөмүндө тике чет өлкө инвестицияларынын таза агылып кирүүсү байкалган, бир эле учурда капиталдын Түркияга – 8,9 млн. АКШ доллар жана Кувейтке – 4,7 млн. АКШ долларында агылып чыгышы шартында, Канададан – 15,2 млн. АКШ доллары, Виргин аралдарынан – 10,4 млн. АКШ доллары жана Австралиядан – 9,5 млн. АКШ доллары өлчөмүндө капиталдын агылып кирүүсүнүн эсебинен калыптанган.

Экономикалык иштин түрлөрү боюнча тике чет өлкө инвесторлорунан алынган кредиттерге тиешелүү каражаттарды төлөө, негизинен кайра иштетүү өнөр жайында 30,9 млн. АКШ доллары жана финансы чөйрөсүндө 12 млн. АКШ доллары суммасында байкалган.

Коммерциялык банктардын чет өлкө баалуу кагаздары менен жүргүзгөн операцияларынын натыйжасында, портфелдик инвестициялар боюнча капиталдын таза агылып чыгуусу отчеттук мезгилде 12,0 млн. АКШ долларын түзгөн, бул 2008-жылдын биринчи жарым жылдыгындагы көрсөткүчтөн 40,8 пайызга аз.

Отчеттук мезгилде **башка инвестициялардын** сальдосу өткөн жылдын ушул эле мезгилиндеги 1,9 млн. АКШ доллар өлчөмүндөгү терс мааниге караганда 310,1 млн. АКШ доллары өлчөмүндө оң түптөлгөн. Отчеттук мезгилде тышкы активдердин кыйла кыскаруусу шартында Кыргыз Республикасынын резиденттеринин тышкы милдеттенмелеринин көбөйүшү, бул статьянын маанисине олуттуу таасирин тийгизген.

Отчеттук мезгил ичинде резиденттердин тышкы активдеринин 20,7 млн. АКШ долларына көбөйүшү белгиленген, бул 2008-жылдын биринчи жарым жылдыгына караганда 84,6 млн. АКШ долларына аз. Тышкы активдердин динамикасына, негизинен резиденттердин чет өлкөдөгү дебитордук карызынын жана эсептердеги каражаттарынын төмөндөөсү таасирин тийгизген. Алсак, дебитордук карыздын төмөндөшү 2008-жылдын тиешелүү мезгилинде 37,4 млн. АКШ долларына көбөйүүсүнө караганда отчеттук мезгилде 16,0 млн. АКШ долларын түзгөн. Ата мекендик ишканалардын чет өлкө банктарындагы эсептеринде каражаттардын кыскаруусу 19,2 млн. АКШ долларын түзгөн, ал эми өткөн жылдын салыштыруу үчүн алынган мезгилинде 5,0 млн. АКШ доллары көлөмүндө көбөйүү байкалган.

Өлкө резиденттеринин тышкы дүйнө алдындагы милдеттенмелери 330,8 млн. АКШ долларына чейин өскөн, бул 2008-жылдын салыштыруу үчүн алынган көрсөткүчүнөн 3,2 эсе жогору. Тышкы милдеттенмелердин көбөйүүсүнө экономиканын мамлекеттик секторунун карыз алууларынын көбөйүшү олуттуу таасирин тийгизген.

Алсак, отчеттук мезгил ичинде коммерциялык банктардын тышкы милдеттенмелери боюнча капиталдын 16,4 млн. АКШ доллары өлчөмүндө таза агылып кирүүсү байкалган, бул коммерциялык банктар тарабынан корреспонденттик лоро эсептериндеги акча каражаттарын жана депозиттерди 19,1 млн. АКШ доллары суммасына арттырылышы менен түшүндүрүлөт.

Ушуну менен катар эле, кредиттик карыздын көлөмүнүн 6,1 млн. АКШ доллары өлчөмүндө төмөндөшү белгиленген, ал эми салыштыруу үчүн алынган мезгилде бул көрсөткүчтүн 71,8 млн. АКШ долларына олуттуу көбөйүшү байкалган.

Алынган кредиттердин көлөмү 320,5 млн. АКШ долларын түзүү менен 9,6 эсеге көбөйгөн. Алардын ичинен мамлекеттик секторго 324,0 млн. АКШ доллары түшкөн, анын ичинен 300 млн. АКШ долларын Россиянын кредити түзөт. Жеке сектордо каражаттардын 3,4 млн. АКШ доллары өлчөмүндө таза агылып чыгуусу байкалган.

«**Каталар жана калтырып кетүүлөр**» статьясы 2008-жылдын биринчи жарым жылдыгындагы 287,1 млн. АКШ долларынан отчеттук мезгилге 7,8 млн. АКШ долларына чейин кыскарган.

**Дүң эл аралык камдар** 1588,7 млн. АКШ долларын түзгөн, бул товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр импортунун көлөмүнүн 5,2 айын жаба алат.

## 1-таблица: Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми (аналититикалык түрдө берүү)

***(млн.АКШ долларында)***

| | 2005 | 2006 | 2007 | 2008 | 2008 1 ж/ж | 2009 1 ж/ж |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Күндөлүк операциялардын эсеби** | **-38,4** | **-287,2** | **-227,7** | **-603,4** | **-418,2** | **10,8** |
| Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр | -450,5 | -968,5 | -1195,9 | -1976,9 | -1004,9 | -519,2 |
| Соода балансы* | -418,7 | -886,5 | -1275,8 | -1879,2 | -893,5 | -556,1 |
| Экспорт (ФОБ) | 686,8 | 906,0 | 1337,8 | 1874,4 | 769,6 | 689,3 |
| КМШ | 305,3 | 476,1 | 753,9 | 1011,7 | 437,8 | 332,5 |
| Алыскы чет мамлекеттер | 381,5 | 429,9 | 583,9 | 862,7 | 331,8 | 356,9 |
| Импорт (ФОБ) | 1105,5 | 1792,4 | 2613,6 | 3753,5 | 1663,1 | 1245,5 |
| КМШ | 641,0 | 925,8 | 1420,7 | 2025,4 | 930,4 | 696,5 |
| Алыскы чет мамлекеттер | 464,5 | 866,6 | 1192,9 | 1728,1 | 732,7 | 548,9 |
| Кызмат көрсөтүүлөр балансы | -31,8 | -82,0 | 79,9 | -97,7 | -111,4 | 36,9 |
| Сунушталган кызмат көрсөтүүлөр | 259,4 | 378,7 | 684,8 | 896,1 | 335,8 | 422,7 |
| Алынган кызмат көрсөтүүлөр | -291,3 | -460,8 | -604,8 | -993,8 | -447,2 | -385,7 |
| Кирешелер | -88,2 | -48,2 | -52,4 | -103,2 | -67,1 | -51,1 |
| Тике инвестициялар боюнча кирешелер | -36,0 | -39,8 | -39,5 | -73,9 | -51,9 | -29,2 |
| Портфелдик инвестициялар боюнча кирешелер | — | 0,1 | 0,2 | 0,5 | 0,3 | 3,6 |
| Башка инвестициялар боюнча кирешелер | -31,8 | 15,8 | 7,7 | -7,5 | -4,3 | -13,1 |
| Кредиттер боюнча пайыздар (график) | -36,2 | -19,9 | -25,7 | -30,9 | -16,6 | -15,7 |
| Башка инвест. ж.б. кирешелер | 4,4 | 35,6 | 33,4 | 23,4 | 12,3 | 2,6 |
| Эмгекке төлөөлөр | -20,4 | -24,2 | -20,8 | -22,3 | -11,1 | -12,5 |
| Күндөлүк трансферттер | 500,3 | 729,5 | 1020,5 | 1476,7 | 653,9 | 581,1 |
| **Капитал менен операциялар жана финансы операцияларынын эсеби** | **0,9** | **285,9** | **266,4** | **-7,6** | **113,4** | **276,6** |
| Капитал менен операциялардын эсеби | -20,5 | -43,9 | -74,9 | -44,9 | -3,9 | -17,2 |
| Капиталдык трансферттер | -20,5 | -43,9 | -74,9 | -44,9 | -3,9 | -17,2 |
| Финансы эсеби | 21,5 | 329,7 | 341,2 | 37,3 | 117,3 | 293,8 |
| Тике инвестициялар* | 42,6 | 182,0 | 208,1 | 232,4 | 139,5 | -4,3 |
| Портфелдик инвестициялар | 2,3 | -3,0 | -17,7 | -25,6 | -20,3 | -12,0 |
| Финансылык деривативдер | — | — | — | — | — | — |
| Башка инвестициялар | -23,4 | 150,7 | 150,9 | -169,4 | -1,9 | 310,1 |
| Активдер ("-" көбөйүү) | -47,5 | -24,0 | 19,5 | -369,3 | -105,3 | -20,7 |
| Коммерциялык банктар | -15,1 | -17,0 | 37,7 | -115,9 | -53,3 | -53,6 |
| Жана башка активдер | -32,4 | -7,0 | -18,2 | -253,4 | -52,1 | 32,9 |
| Милдеттенмелер ("+" көбөйүү) | 24,1 | 174,7 | 131,4 | 199,9 | 103,4 | 330,8 |
| Коммерциялык банктар | -11,9 | -26,6 | 66,6 | 48,4 | -1,7 | 16,4 |
| Кредиттер | 18,4 | 68,6 | 51,4 | 32,5 | 33,4 | 320,5 |
| Мамлекеттик секторго кредиттер | 17,2 | 56,5 | 35,1 | 4,7 | 10,5 | 324,0 |
| Алынганы | 67,0 | 80,7 | 62,0 | 40,7 | 27,4 | 340,4 |
| Амортизация (график) | -49,7 | -24,2 | -26,9 | -36,0 | -16,9 | -16,4 |
| Жеке секторго кредиттер | 1,2 | 12,1 | 16,4 | 27,8 | 22,8 | -3,4 |
| Алынганы | 10,0 | 25,2 | 40,4 | 52,3 | 30,1 | 14,5 |
| Амортизация (график) | -8,8 | -13,1 | -24,0 | -24,4 | -7,3 | -17,9 |
| Жана башка милдеттенмелер | 17,7 | 132,7 | 13,3 | 119,0 | 71,8 | -6,1 |
| **Каталар жана калтырып кетүүлөр** | **66,6** | **185,1** | **268,7** | **694,8** | **287,1** | **7,8** |
| **Жалпы баланс** | **29,1** | **183,7** | **307,3** | **83,8** | **-17,7** | **295,3** |
| **Каржылоо** | **-29,1** | **-183,7** | **-307,3** | **-83,8** | **17,7** | **-295,3** |
| Улуттук банктын камдары | -80,5 | -169,9 | -306,8 | -121,3 | 3,7 | -322,1 |
| ЭВФтин кредиттери | -12,5 | -23,5 | -20,7 | 18,7 | 5,6 | 14,2 |
| Өзгөчө каржылоо | 63,9 | 9,7 | 20,1 | 18,7 | 8,5 | 12,6 |
| Калгандар каржылоо | — | — | — | — | — | — |

| 2008 | | | | 2009 | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| I | II | III | IV | I | II | |
| **-256,7** | **-161,4** | **-26,3** | **-159,0** | **-159,3** | **170,2** | **Күндөлүк операциялардын эсеби** |
| -450,7 | -554,3 | -438,4 | -533,5 | -296,1 | -223,1 | Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр |
| -396,6 | -496,9 | -433,5 | -552,1 | -293,4 | -262,7 | Соода балансы* |
| 330,9 | 438,7 | 573,2 | 531,5 | 298,5 | 390,8 | Экспорт (ФОБ) |
| 185,7 | 252,1 | 348,7 | 225,2 | 140,3 | 192,2 | КМШ |
| 145,2 | 186,6 | 224,5 | 306,3 | 158,2 | 198,6 | Алыскы чет мамлекеттер |
| 727,5 | 935,7 | 1006,8 | 1083,7 | 591,9 | 653,6 | Импорт (ФОБ) |
| 417,5 | 512,9 | 584,6 | 510,4 | 332,0 | 364,5 | КМШ |
| 310,0 | 422,7 | 422,2 | 573,2 | 259,9 | 289,0 | Алыскы чет мамлекеттер |
| -54,1 | -57,4 | -4,9 | 18,6 | -2,7 | 39,6 | Кызмат көрсөтүүлөр балансы |
| 141,9 | 193,9 | 249,2 | 311,0 | 182,9 | 239,8 | Сунушталган кызмат көрсөтүүлөр |
| -195,9 | -251,3 | -254,1 | -292,5 | -185,6 | -200,1 | Алынган кызмат көрсөтүүлөр |
| -51,9 | -15,2 | -33,1 | -3,0 | -37,3 | -13,8 | Кирешелер |
| -44,6 | -7,3 | -29,7 | 7,7 | -29,9 | 0,7 | Тике инвестициялар боюнча кирешелер |
| 0,3 | — | — | 0,2 | 3,3 | 0,3 | Портфелдик инвестициялар боюнча кирешелер |
| -2,3 | -2,0 | 1,9 | -5,1 | -4,7 | -8,4 | Башка инвестициялар боюнча кирешелер |
| -7,4 | -9,2 | -5,7 | -8,5 | -7,9 | -7,9 | Кредиттер боюнча пайыздар (график) |
| 5,1 | 7,2 | 7,6 | 3,4 | 3,2 | -0,6 | Башка инвест. ж.б. кирешелер |
| -5,3 | -5,8 | -5,3 | -5,9 | -6,0 | -6,5 | Эмгекке төлөөлөр |
| 245,9 | 408,0 | 445,2 | 377,6 | 174,1 | 407,1 | Күндөлүк трансферттер |
| **44,3** | **69,1** | **-160,9** | **40,0** | **5,1** | **271,5** | **Капитал менен операциялар жана финансы операцияларынын эсеби** |
| -5,7 | 1,8 | -22,0 | -19,0 | -6,3 | -10,9 | Капитал менен операциялардын эсеби |
| -5,7 | 1,8 | -22,0 | -19,0 | -6,3 | -10,9 | Капиталдык трансферттер |
| 50,0 | 67,3 | -138,9 | 59,0 | 11,4 | 282,4 | Финансы эсеби |
| 74,5 | 65,0 | 53,8 | 39,1 | -8,7 | 4,5 | Тике инвестициялар* |
| -16,1 | -4,2 | 19,6 | -25,0 | -10,4 | -1,6 | Портфелдик инвестициялар |
| — | — | — | — | — | — | Финансылык деривативдер |
| -8,4 | 6,5 | -212,3 | 44,8 | 30,6 | 279,5 | Башка инвестициялар |
| -10,7 | -94,7 | -178,4 | -85,6 | 28,0 | -48,7 | Активдер ("-" көбөйүү) |
| 7,1 | -60,3 | -8,3 | -54,3 | -24,5 | -29,1 | Коммерциялык банктар |
| -17,7 | -34,4 | -170,1 | -31,2 | 52,5 | -19,5 | Жана башка активдер |
| 2,2 | 101,2 | -33,9 | 130,4 | 2,6 | 328,2 | Милдеттенмелер ("+" көбөйүү) |
| -9,5 | 7,8 | -39,4 | 89,5 | -2,8 | 19,2 | Коммерциялык банктар |
| 11,4 | 22,0 | 14,4 | -15,3 | 17,6 | 302,9 | Кредиттер |
| 2,7 | 7,8 | 4,3 | -10,2 | 13,9 | 310,1 | Мамлекеттик секторго кредиттер |
| 8,1 | 19,4 | 10,8 | 2,5 | 17,7 | 322,7 | Алынганы |
| -5,3 | -11,5 | -6,5 | -12,7 | -3,8 | -12,6 | Амортизация (график) |
| 8,7 | 14,2 | 10,1 | -5,1 | 3,8 | -7,2 | Жеке секторго кредиттер |
| 13,0 | 17,1 | 18,8 | 3,3 | 5,2 | 9,3 | Алынганы |
| -4,4 | -3,0 | -8,7 | -8,4 | -1,4 | -16,5 | Амортизация (график) |
| 0,4 | 71,4 | -8,9 | 56,1 | -12,2 | 6,1 | Жана башка милдеттенмелер |
| **128,0** | **159,1** | **308,7** | **99,1** | **-5,6** | **13,5** | **Каталар жана калтырып кетүүлөр** |
| **-84,5** | **66,8** | **121,5** | **-19,9** | **-159,9** | **455,1** | **Жалпы баланс** |
| **84,5** | **-66,8** | **-121,5** | **19,9** | **159,9** | **-455,1** | **Каржылоо** |
| 89,8 | -86,1 | -112,1 | -12,8 | 164,9 | -487,0 | Улуттук банктын камдары |
| -9,0 | 14,6 | -10,8 | 23,9 | -10,0 | 24,2 | ЭВФтин кредиттери |
| 3,7 | 4,8 | 1,4 | 8,8 | 5,0 | 7,7 | Өзгөчө каржылоо |
| — | — | — | — | — | — | Калгандар каржылоо |

# I тиркеме: Таблицалар жана графиктер

## I.1-таблица: Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми (нейтралдуу түрдө берүүдө)

*(млн. АКШ долларында)*

| | 2005 | 2006 | 2007 | 2008 | 2008 I ж/ж | 2009 I ж/ж |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Күндөлүк операциялардын эсеби** | **-38,4** | **-287,2** | **-227,7** | **-603,4** | **-418,2** | **10,8** |
| Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр | -450,5 | -968,5 | -1195,9 | -1976,9 | -1004,9 | -519,2 |
| Товарлар* | -418,7 | -886,5 | -1275,8 | -1879,2 | -893,5 | -556,1 |
| Товарлардын экспорту (ФОБ) | 686,8 | 906,0 | 1337,8 | 1874,4 | 769,6 | 689,3 |
| экспорт | 456,1 | 604,8 | 927,1 | 1172,9 | 485,8 | 411,1 |
| порттордон алынган товарлар | — | — | — | — | — | — |
| монетардык эмес алтын | 230,7 | 206,0 | 224,7 | 463,5 | 167,2 | 161,5 |
| камтуу чөйрөсүнө ондоолор | — | 95,2 | 186,0 | 238,0 | 116,7 | 116,7 |
| кайра иштетүү үчүн товарлар | — | — | — | — | — | — |
| Товарлардын импорту (ФОБ) | -1105,5 | -1792,4 | -2613,6 | -3753,5 | -1663,1 | -1245,5 |
| импорт (СИФ) | -1099,5 | -1715,8 | -2408,6 | -4056,2 | -1798,9 | -1343,2 |
| нарк боюнча оңдоолор | 86,3 | 138,7 | 179,9 | 318,9 | 142,9 | 100,9 |
| порттордон алынган товарлар | -2,8 | -2,4 | -8,4 | -16,3 | -7,1 | -3,2 |
| камтуу чөйрөсүнө ондоолор | -90,5 | -212,9 | -376,5 | — | — | — |
| кайра иштетүү үчүн товарлар | 1,0 | — | — | — | — | — |
| Кызмат көрсөтүүлөр | -31,8 | -82,0 | 79,9 | -97,7 | -111,4 | 36,9 |
| экспорт | 259,4 | 378,7 | 684,8 | 896,1 | 335,8 | 422,7 |
| импорт | -291,3 | -460,8 | -604,8 | -993,8 | -447,2 | -385,7 |
| Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр | -64,9 | -121,4 | -197,8 | -342,3 | -160,9 | -126,3 |
| экспорт | 60,6 | 56,6 | 139,3 | 146,4 | 63,4 | 61,7 |
| импорт | -125,5 | -178,0 | -337,1 | -488,7 | -224,3 | -188,0 |
| Темир жол транспорту | -57,0 | -89,1 | -177,7 | -283,5 | -124,0 | -104,6 |
| экспорт | 17,2 | 20,1 | 34,4 | 46,0 | 22,2 | 17,4 |
| импорт | -74,2 | -109,2 | -212,2 | -329,5 | -146,3 | -122,0 |
| Аба транспорту | 8,6 | -0,9 | 12,6 | 5,6 | -8,4 | 3,5 |
| экспорт | 36,5 | 32,2 | 92,5 | 92,8 | 37,8 | 41,9 |
| импорт | -27,9 | -33,0 | -79,9 | -87,3 | -46,3 | -38,4 |
| Автомобиль транспорту | -15,1 | -26,3 | -20,5 | -33,2 | -14,8 | -12,4 |
| экспорт | 2,3 | 1,7 | 2,9 | 2,2 | 1,1 | 1,1 |
| импорт | -17,4 | -28,0 | -23,5 | -35,5 | -15,8 | -13,5 |
| Транспорттун башка түрлөрү | -1,4 | -5,2 | -12,1 | -31,2 | -13,7 | -12,8 |
| экспорт | 4,4 | 2,6 | 9,5 | 5,3 | 2,2 | 1,3 |
